www.amnesty.org

AMNESTY INTERNATIONAL

## КООМДУК БИЛДИРҮҮ - AMNESTY INTERNATIONAL

8 - февраль 2024 EUR 58/7684/2024

# КЫРГЫЗСТАН ЭКИ АЖЫРЫМ ЖОЛДО : ЖАРАНДЫК КООМДУ КУУГУНТУКТОО АДАМ УКУКТАРЫНА ЖАНА ӨЛКӨНҮН ЭЛ АРАЛЫК АБРОЙУНА ШЕК КЕЛТИРЕТ

**Кыргызстанда акыркы жылдары сөз эркиндиги, тынч чогулуштар жана ассоциацияларга биригүү укуктары кыйла чектелип, аларды ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрү кескин кыскарды. Соңку 18 айдын ичинде жарандык коомдун, эл аралык өкмөттүк жана бейөкмөт уюмдардын сын – пикирлери жана далилдүү каршылыктарына карабастан, бийликтер мыйзамдуу коомдук сындардын бардык түрлөрүн кысымга алып, тынч маанайдагы наразылык акцияларын басуу кампаниясын күчөттү. Бийликтин саясатын сындаган журналисттер менен активисттерге каршы социалдык түйүндөрдө чабуулдар күчөп, алар өз билемик менен камакка алынып, куугунтуктоолорго жана адилетсиз соттук териштирүүлөргө туш болууда.**

**Бийлик мыйзам үстөмдүгүн алсыратуу жана сөз эркиндигин негизсиз чектөө максатында маданий салттардын жана улуттук баалуулуктардын так чечмеленбеген бүдөмүк түшүнүктөрүн жайылтып, дискриминациялык түрдөгү мыйзам долбоорлорун демилгелеп баштады. Алар ошондой эле "саясий ишмердүүлүктүн" кенен түшүндүрмөсүн колдонуп, биригүү (ассоциация) эркиндигине болгон укукту чектеп жатышат.**

**Кыргызстан жарандык коомдун жана көз карандысыз медиа каражаттарынын гүлдөп - өсүшүнө шарттарды түзүп бергени менен көптөн бери сыймыктанып келет. Эркин медиа жана жигердүү жарандык коом, өзгөчө экономикалык жана климаттык таңсыктыктарга туш болгон ар бир өлкө үчүн алмаштыргыс байлык болуп саналат. Бирок акыркы 18 айдагы окуялар жарандык коомдун келечегин тобокелге салып, Кыргызстандын адам укуктарын ишке ашыруусуна жана эл аралык кызматташтыгы боюнча аброюна олуттуу коркунуч келтирүүдө. Бийлик адам укуктарынын сакталышын жазалоонун ордуна, жарандык активдүүлүктү өнүктүрүү үчүн бардык чараларды көрүшү керек.**

## БИРИГҮҮ (АССОЦИАЦИЯ) ЭРКИНДИГИН МУУНТУУ АРАКЕТИ

Президенттик администрация жана Жогорку Кеңештин депутаттары тарабынан параллелдүү түрдө коммерциялык эмес уюмдардын ишмердүүлүгүн жөнгө салуу боюнча сунушталган эки мыйзам долбоору, колдонуудагы тар мыйзамдарды мындан ары катаалдаштырууга жана жарандык коомго мамлекеттик көзөмөлдү күчөтүүгө багытталды. Эки мыйзам долбоору тең биригүүгө (ассоциация) болгон укукту, сөз эркиндиги жана башка тиешелүү адам укуктары боюнча Кыргызстандын эл аралык милдеттенмелерин бузуп, жарандык коомдук уюмдардын бардык адамдарга колдоо көрсөтүү мүмкүнчүлүктөрүн чектөө менен, чоң тобокелчиликке кабылгандардын жардам алуу укуктарына өзгөчө олуттуу коркунучтарды жаратат.

Бириккен Улуттар Уюмунун (БУУ) атайын баяндамачылары 2023-жылдын октябрындагы биргелешкен катында мыйзам долбоору тарабынан бийликтерге берилген кеңири ыйгарым укуктар "өкмөттү сындаган же карама-каршы көз караштарын билдирген уюмдарга каршы колдонулуп", эгер мыйзам кабыл алынса, "ал бардык ассоциациялардын ишмердүүлүгүнө терс таасирин тийгизиши мүмкүн" деп эскертет. [1]

[1] https://kyrgyzstan.un.org/en/248422-un-special-rapporteurs-have-urged-government-kyrgyz-republic-reconsider-and-withdraw-draft

## “ЧЕТ ЭЛДИК ӨКҮЛ ЖӨНҮНДӨ“ МЫЙЗАМ ДОЛБООРУ

2023-жылдын 25-октябрында Жогорку Кеңеш жарандык коомдун, өкмөт өкүлдөрүнүн, Адам укуктары боюнча Акыйкатчынын, Жогорку соттун, Башкы прокурордун жана башка эл аралык эксперттердин 2022-жылдан берки олуттуу каршылыктарына карабастан, “Чет элдик өкүл жөнүндө” мыйзам долбоорун биринчи окууда өткөрдү.[2] Бул талаштуу мыйзам долбоору чет өлкөдөн каржыланган жана “саясий ишмердүүлүк” менен алектенет деп бүдөмүк түрдө аныкталган бардык уюмдарды “чет элдик өкүл” катары каттоодон өтүүгө милдеттендирет жана “чет элдик бейөкмөттүк уюмдар” (ЧБӨУ) деген жаңы категорияны пайда кылат. Сунушталып жаткан мыйзамга ылайык, бийлик өкүлдөрү соттун чечимисиз эле бейөкмөт уюмдун ишин алты айга токтото алат же уюм “чет элдик өкүл” катары катттоодон өтпөгөн болсо, аны реестерден толук чыгаруу укугуна ээлик кылат. Аталган мыйзам долбоору ошондой эле уюмдун көлөмүнө, максатына жана иш - чөйрөсүнө карабастан бардык “чет элдик өкүлдөрдүн“ мойнуна жарым жылдык жана жылдык отчеттуулук боюнча оор милдеттерди жүктөйт. Ал эми бул талаптарды аткаруу ар кандай кыйынчылыктар менен коштолуп, кымбатка тургандыктан чакан бейөкмөт уюмдардын ишин айрыкча татаалдаштырат. Бейөкмөт уюмдардын каражат чогултуусу алардын катталуу шартына карабастан Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык Пактынын (ЖСУЭП) 22-беренесине ылайык корголот жана ага чет өлкөдө жайгашкан уюмдар менен жеке адамдардан каржылоо алуулар жана издөөлөр да кирет. Кыргызстандагы көпчүлүк бейөкмөт уюмдар ички каржылоо мүмкүнчүлүгүнүн жоктугунан улам чет элдик гранттарга таянышат.

Адам укуктары боюнча эл аралык мыйзамга ылайык, биригүү (ассоциация) эркиндигине болгон укукту ишке ашырууну чектөө өзүм билемдик менен таңууланбастан, атайын мыйзам менен белгиленип, ар бир адамга өзүнүн жүрүм-турумун ошого жараша жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүн берген жетиштүү тактык менен түзүлүшү керек. Бирок бул мыйзам долбоорундагы “саясий ишмердүүлүктүн” өтө жалпы жана көйгөйлүү аныктамасы, бейөкмөт уюмдардын адамдардын коомдук саясий иштерге аралашуу укуктарын мыйзамдуу түрдө коргону жана мамлекеттик иштерге жана чечимдерди кабыл алууларга катышууну тынч түрдө ишке ашырганы үчүн жазаланат деген коомтонууну жаратат.

Мыйзам долбоорунда - “*өзүнүн уюштуруучулук - укуктук документтеринде көрсөтүлгөн максаттарына жана милдеттерине карабастан, саясий иш-чараларды уюштурууга жана өткөрүүгө (каржылоо жолу да кирет) катышкан, бийлик тарабынан ишке ашырылып жаткан мамлекеттик саясаттын багытын өзгөртүүгө карата чечимдердин кабыл алынышына таасир эткен, ошондой эле жогоруда аталган максаттарда коомдук пикирди калыптандыруучу саясий акцияларды жүргүзгөн Коммерциялык эмес уюм (КЭУ)*” - саясий активдүү уюм *катары белгиленген.*

2024-жылдын 23-январында Жогорку Кеңештин Конституциялык мыйзамдар, мамлекеттик түзүлүш, сот укук маселелер боюнча комитети мыйзам долбооруна киргизилген кошумча түзөтүүлөрдү жактырып, аны парламенттин экинчи окууда кароосуна жөнөткөн. Комитет мыйзамдарды бузган бейөкмөт уюмдарга карата жазаларды кыскартканы менен “саясий ишмердүүлүк” деген көйгөйлүү аныктаманын маанисин дагы да кеңейтти. Ошондой эле, Комитет “саясий мүнөздөгү иш-аракеттер” -бул “мамлекеттик түзүлүштүн чөйрөсүнө кирген” жана башка тиешелүү катардагы “конституциялык түзүлүштү коргоо, улуттук коопсуздук, тышкы саясат жана социалдык-экономикалык өнүгүү” менен байланышкан иш-чаралар деп белгилеген. Парламентке жөнөтүлгөн акыркы долбоорго ылайык, төмөндөгү иш-аракеттердин кайсынысын болбосун аткарган ар бир КЭУ “чет элдик өкүл” катары каттоодон өтүшү керек:

• чогулуштар, митингдер, жүрүштөр, дебаттар, кайрылуулар сыяктуу коомдук иш-чараларды уюштурууга же өткөрүүгө катышуу;
• шайлоого жана референдумга байланыштуу иш-чараларга катышуу, ошол эле учурда шайлоого мониторинг жүргүзүү;

---

[2] ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросу (ДИАУБ) 2022-жылдын декабрында “Чет өлкөлүк өкүл жөнүндөгү”мыйзам долбооруна карата чукул убактылуу корутундусун жарыялап, андагы чектөөлөрдү, “мыйзамда жок жана демократиялык коомдо зарыл эмес, ошондуктан, ассоциация эркиндигине болгон укукка туура келбейт” деген негизде сынга алган. ЕККУ/ДИАУБдун 2022-жылдын декабрында жарыяланган корутундусу: https://org.legislationline.org/sites/default/files/2022-12/451-452_NGO_KGZ_12Dec2022_en.pdf

• мыйзамдарды кабыл алууга же мыйзамдарга жана саясатка өзгөртүүлөрдү киргизүүгө таасир этүү үчүн коомдук чакырыктарга жасоо же жактоочу иш-чараларга катышуу;
• бийлик тарабынан кабыл алынган мыйзамдар жана саясаттар боюнча көз караштарды жайылтуу;
• коомдук пикирди сурамжылоо, социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү жана алардын жыйынтыктарын жарыялоо;
• жарандарды, атап айтканда жаштарды коомдук иш-чараларга тартуу
• ар кандай буга тиешелүү иштерди каржылоо.

Так чечмеленбеген, мааниси кенен жана бүдөмүк тилде жазылган мындай мыйзамдар, бийлик органдарына бейөкмөт уюмдардын мыйзамдуу иштерин, алардын катарында адам укуктарын жана дени сак айлана-чөйрөгө болгон укукка таасир этүүчү коомдук иш - аракеттерди жактоону жүзөгө ашыруусун бутага алуу үчүн ашыкча дискрециялык ыйгарым укуктарды берет.

Мыйзам долбооруна сунушталып жаткан түзөтүүлөргө, эгер бийлик уюмду "адамдарды жарандык милдеттерин аткаруудан баш тарттырууга, же башка мыйзамсыз аракеттерди жасоого чакырды" деп тапса, ошол бейөкмөт уюмду түзгөн, ага катышкан, же көмөк көрсөткөн же ал чет элдик бейөкмөт уюмуна байланышы бар делген жарандык активисттерди беш жылга чейин эркинен ажыратуу жазасы да киргизилген.

## КОММЕРЦИЯЛЫК ЭМЕС УЮМДАР ЖӨНҮНДӨ МЫЙЗАМ ДОЛБООРУ

### 2022

2022-жылдын ноябрында Президенттик администрация "Коммерциялык эмес жана бейөкмөт уюмдар жөнүндөгү" мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүүнүн жаңы редакциясын сунуштаган. Ага ылайык, бейөкмөт уюмдарга карата мамлекеттик көзөмөл кыйла күчөтүлүп, бардык аталган уюмдарды өлкөдө мыйзамдуу иш алып баруу үчүн мамлекеттик органдардын каттоосунан өтүүгө милдеттендирет. Ал эми буга чейин катталгандардын кайра каттоодон өтүүсү талап кылынат, эрежеге баш ийбесе жоюлат . Бирок бийлик органдарына уюмду мамлекеттик каттоого алуудан баш тартууга кеңири мүмкүнчүлүктөр камсыздалып, мисалы, бейөкмөт уюмдун ишмердиги боюнча документтер Кыргызстандын Конституциясына жана мыйзамдарына карама-каршы келет же КЭУнун аталышы "жарандардын адеп-ахлактык, этникалык жана диний сезимдерине шек келтирет" деген ээн-эркин чечмелөөгө жол берилет.

2022-жылдын декабрындагы ЕККУ/ДИАУБдун эксперттик корутундусунда "Мыйзам долбоорунун көпчүлүк жоболору ассоциацияларды түзүү жана алардын өз иштерин мамлекеттин кийлигишүүсүз эркин жүргүзүү укуктарын ашыкча чектейт" жана " адам укуктарынын эл аралык стандарттарына туура келбейт " - деп белгиленген.[3] Мындан тышкары, бул мыйзам долбоорлору, чет өлкөлүктөргө жана жарандыгы жок адамдарга бейөкмөт уюмдарды түзүүгө же катарына кошулууга тыюу салуу аркылуу аларды дискриминациялоого жол ачат. Ошондой эле, колдонуудагы татаал милдеттенмелерге кошумча отчеттуулуктун кыйла оор талаптарын киргизет жана мамлекеттик органдарга мониторинг жана көзөмөл жүргүзүү боюнча өтө кеңири ыйгарым укуктарды берет, мисалы күтүүсүз текшерүүлөрдү жүргүзүү, КЭУлардын ишмердүүлүгүнө катышуу, банктардан КЭУлар тууралуу финансылык маалыматтарды алуу ж.б.у.с. ДИАУБ өзүнүн корутундусунда "бул мыйзам долбоорунун айрым мамлекеттик органдарга "коммерциялык эмес жана бейөкмөт уюмдарга" көзөмөл жүргүзүүгө чексиз ыйгарым укуктарды берет" деп эскертти.

### 2023

Президенттик администрация эл аралык кооптонууларга жана сын-пикирлерге жооп кылып, аталган мыйзам долбоорун кайра карап чыгуу үчүн 15 бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрүнөн турган жумушчу топ түзгөн. 2023-жылдын декабрында Президенттик Администрация долбоордун жаңыланган вариантын жумушчу топко төрт жуманын ичинде карап чыгууга жөнөткөн. Жумушчу топ бир гана жолу түз

[3] ЕККУ/ДИАУБдун "Коммерциялык эмес жана бейөкмөт уюмдар жөнүндө" жана "Чет элдик өкүл жөнүндө" мыйзам долбоорлоруна киргизилген түзөтүүлөргө карата чукул убактылуу корутундусу : https://org.legislationline.org/sites/default/files/2022-12/451-452_NGO_KGZ_12Dec2022_en.pdf

жолугушканы менен бейөкмөт уюмдардын өкүлдөрү өздөрүнүн ар тараптуу ой-пикирлерин жана сунуштарын жазып, Президенттик администрацияга билдиришкен. Бирок жаңыланган долбоордо алардын бири да эске алынган эмес. Тескерисинче, долбоорго тынчсыздандыруучу жана түшүнүксүз кошумча жоболор киргизилип – бейөкмөт уюмдарды "саясий багыттагы" жана "социалдык багыттагы" уюмдарга бөлүү сунушталган. Анда "саясий" мүнөздөгү бейөкмөт уюмдарга гана саясатка жана мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү киргизүүнү ачык жактап чыгууга жана чет элдик каржылоону алууга уруксат берилет. Ошондой эле, доолбордо"юридикалык жардамдамдарды көрсөтүүчү, адамдардын жана жарандардын укуктары менен эркиндиктерин коргоо боюнча иш-чараларды жүргүзүүчү", "социалдык багыттагы" бейөкмөт уюмдардын тизмеси да келтирилген, бирок аларга "коомдук чогулуштарды же митингдерди уюштурууга жана саясатты өзгөртүүгө үндөшкө" укуктар берилген эмес. Алардын сырттан каржылоо алууга укугу бар же жок экендиги да так көрсөтүлгөн эмес. Мындан улам бул түзөөтүлөр чырлуу "Чет элдик өкүл жөнүндөгү" мыйзам долбоорунда сунушталган өзгөртүүлөргө карама-каршы келет.

Адам укуктары боюнча эл аралык мыйзамга ылайык, биригүү (ассоциация) эркиндигине болгон укукту ишке ашырууну чектөө өзүм билемдик менен таңууланбастан, атайын мыйзам менен белгиленип, ар бир адамга өзүнүн жүрүм-турумун ошого жараша жөнгө салуу мүмкүнчүлүгүн берген жетиштүү тактык менен түзүлүшү керек.

**Бийлик өкүлдөрү КЭУларга тиешелүү бардык мыйзам демилгелери адам укуктары боюнча эл аралык мыйзамдарга жана стандарттарга толук шайкеш келген, дискриминацияга жол бербеген, жарандык коомдун өкүлдөрү жана эл аралык эксперттер менен талкууланган кеңешүүлөрдүн натыйжасы болушун камсыз кылууга тийиш.**

**Жогорку Кеңеш "Чет элдик өкүл жөнүндөгү" мыйзам долбоорун чакыртып алышы керек.**

**Президенттик Администрация КЭУ жөнүндө мыйзам долбоорун кайра карап чыгууда жарандык коомдун өкүлдөрү жана эл аралык эксперттер тарабынан берилген кеңештерди, ошондой эле жумушчу топтун жана ЕККУ/ДИАУБдун чукул убактылуу корутундусундагы сунуштарды толугу менен эске алып, долбоордун адам укуктары боюнча эл аралык мыйзамдарга жана стандарттарга толук шайкеш келмейинче Жогорку Кеңешке жөнөтүлбөшүн көзөмөлдөп, ишке ашырууга тийиш.**

## ТЫНЧ ЧОГУЛУШТАРДЫ ӨТКӨРҮҮНҮ ЧЕКТӨӨ

Тынч чогулуштарга болгон укук, башка адам укуктары сыяктуу эле, барган сайын катуу коркунучка дуушар болууда. 2022-жылдын март айынан бери бир катар сот чечимдери Бишкектин борбордук аймактарында тынч жыйындарды өткөрүүгө чектөө киргизип, кичи сейил бактан тышкары бардык жерлерде жыйындарды өткөрүүгө тыюу салган. Башында бийлик бул чектөөлөрдү 2022-жылдын февралында Орусиянын Украинага толук масштабдуу басып киришинин контекстинде убактылуу жана зарыл экенин айтып, "улуттар аралык негизде чыгып кетүүчү массалык баш аламандыктардын алдын алуу жана болтурбоо" аракеттери деп билдирип келишкен. Бирок бул чектөөлөр кийинчерээк 2024-жылдын мартына чейин узартылып, бийлик тарабынан "саясий мүнөздө", башкача айтканда, мамлекеттин аракеттерин же саясатын сындаган тынч коомдук акцияларды жана жыйындарды Бишкектин тыюу салынган борбордук аймактарында өткөрбөөгө карата колдонулду. Бирок чектөөлөрдүн бийлик уюштурган митингдерге тиешеси болгон жок. 2023-жылдын сентябрь жана октябрь айларында соттор Ош облусунун Өзгөн шаарынын жана Чоң-Алай районунун борбордук коомдук жайларында наразылык акцияларын өткөрүүгө ушундай эле жалпы тыюу салган.

Мындай чектөөлөргө карабастан, укук коргоочулар менен активисттер Бишкекте Украинага тилектештигин билдирип, тынч чогулуу укугунун мыйзамсыз чектөөлөрүнө каршы чыгышып, бир нече ирет наразылык акцияларын өткөрүштү. Милиция тынч демонстранттарды, анын ичинде борбордогу уруксааты бар паркта да өзүм билемдик менен адамдарды кармоону улантты. Наразылык акциясын чагылдырган укук коргоочулар менен журналисттер да камакка алынган. Айрым активисттер менен байкоочулар эч кандай жазасыз бошотулса, айрымдары тынч митинг өткөрүү эрежелерин бузгандыгы үчүн акчалай айыпка жыгылып, айрымдары административдик камакка алынган.

### КЕМПИР АБАД ОКУЯСЫ

2023-жылдын январында Кыргызстан менен Өзбекстандын президенттери Кемпир-Абад (Анжиян) суу сактагычын биргелешип башкаруу боюнча макулдашууну камтыган чек араны демаркациялоо келишимине кол коюшту.

Бул сунуш биринчи жолу 2022-жылдын октябрь айында коомчулукка жарыяланганда, 27 адам, анын ичинде укук коргоочу Рита Карасартова да Кыргызстан өтө маанилүү жаратылыш ресурсуна толук көзөмөл жүргүзүүдөн баш тартып жатканына кабатырлануусун тынч жол менен билдиргени үчүн өзүм билемдик менен камакка алынган. Кемпир Абад окуясы боюнча күнөөлөнүп жаткандар массалык баш аламандык уюштурган деген айып менен кармалышкан (бирок алардын тынч түрдө нааразылыктарын билдирүүдөн башка, кылмышка тиешелүү эч кандай далилдер табылган эмес). 2023-жылдын январында Ички иштер министрлиги ишти “жашыруун” деп классификациялап, айыпталуучулар менен алардын жактоочуларынын иш материалдарына жетүүсүн чектеп, аларга адилет жана ачык соттук териштирүү укуктарынан пайдалануу мүмкүнчүлүктөрүн берген эмес. Апрель айында айыпталуучуларга бийликти “күч менен басып алууга аракет кылган” деген оор айыптар тагылган. Бул берене боюнча күнөлүү деп табылгандар максималдуу 15 жылга чейин эркинен ажыратылышы мүмкүн. Окуяга тиешелүү соттук териштирүүлөр 2023-жылдын июль айында башталып, азыр да уланууда.

Учурда 16 айыпталуучу үй камагына чыгарылса, 11 айыпталуучу кыйноого же башка катаал мамилеге барабар шарттарда Бишкектеги Убактылуу кармоочу жайда (ТИЗОдо) кармалып турат. Рита Карасартова 8 ай боюу 10 адам менен бирге 23 саат тынымсыз кичинекей, желдетилбеген камерада камалып жатып, июнь айында үй камагына чыгарылган. Убактылуу кармоочу жайда ден-соолугунун начарлап кеткенине карабастан, Ритага керектүү медициналык жардам көрсөтүлбөй, үй-бүлөсү менен жолугушууга жана телефон чалууга тыюу салынган.

**Бийлик Кемпир Абад окуясы боюнча айыпталып жаткандардын сөз эркиндигине жана тынч чогулуштарга болгон укуктарын ишке ашыруусунан улам келип чыккан бардык айыптарды алып салып, алардын бардыгын дароо бошотууну камсыз кылууга тийиш.**

**Бийлик тынч чогулуштарга болгон укукту урматтоого, коргоого жана ага көмөктөшүүгө, ошондой эле бардык чектөөлөр мыйзам тарабынан жетиштүү тактык менен жазылып, адам укуктары боюнча эл аралык мыйзамга ылайык, зарыл жана пропорционалдуу болушуна кепилдик бериши керек.**

### МЕДИА КАРАЖАТТАРЫНЫН ЭРКИНДИГИН КЫСЫМГА АЛУУ

Бийликтин саясатын сындаган же коррупция боюнча айыптоолорду иликтеген көз карандасыз медиа каражаттарына жана журналисттерге каршы саясий куугунтуктоолор, өзүм билемдик менен кармоо жана эркинен ажыратуу сыяктуу кысымдар көбөйүүдө. Көз карандысыз маалымат сайттары өзүм билемдик жабылып, бийлик эркин иш алып барган медиа уюмдардын ишин токтотууга аракет кылууда.

2023-жылдын июлунда жарыяланган Европарламенттин резолюциясында Кыргызстанда адам укуктарынын абалынын начарлап баратканына олуттуу тынчсыздануулар билдирилип, бийлик өкүлдөрүн “фундаменталдык эркиндиктерди, өзгөчө маалымат каражаттарын жана сөз эркиндигин урматттого жана өнүктүрүүгө” чакырыктар жасалган. [4]

Чек арасыз кабарчылар уюмунун (ЧКУ) 2023-жылдагы Басма сөз эркиндиги индексинде Кыргызстан 50 тепкичке төмөндөп, 180 өлкөнүн ичинен 122-орунга ээ болду.[5]

## МЕДИА КАРАЖАТТАРЫ ЖӨНҮНДӨ КӨЙГӨЙЛҮҮ МЫЙЗАМ ДОЛБООРУ

2023-жылдын май айында Президенттик Администрация көз карандысыз эксперттердин; ЕККУнун Медиа эркиндиги боюнча өкүлү, ДИАУБ жана БУУнун Атайын баяндамачысынын сөз эркиндигин колдоо жана коргоо боюнча сын - пикирлеринен кийин, 2022-жылы сунушталган ЖМК жөнүндө көйгөйлүү мыйзам долбоорунун кайра каралган версиясын коомдук талкууга чыгарды. Бирок жаңы долбоор бийликке ЖМКнын ченемдерин ашыкча көзөмөлгө алган, ЖМКны каттоо талаптарын интернет булактарына чейин кеңейткен жана “калктын ден-соолугуна жана адеп-ахлагына зыян келтирүүчү материалдарды” таратууга тыюу салган көйгөйлүү пункттарды жок кыла алган жок. БУУнун сөз эркиндиги боюнча Атайын

[4] Европарламенттин 2023-жылдын 13-июлунда Кыргызстанда адам укуктарынын абалынын начарлап баратканына байланыштуу жарыялаган резолюциясы(2023/2782(RSP)): https://www.europarl.europa.eu/doceo/document/TA-9-2023-0290_EN.html

[5] https://rsf.org/en/index

баяндамачысы бийликке “...мындай бүдөмүк жана так чечмеленбеген түшүнүктөгү терминдер сөз эркиндигин негизсиз чектөө үчүн оңой эле кыянаттык менен колдонулушу мүмкүн” деп кеңеш берип, мыйзамдын Кыргызстанда “сөз эркиндигине олуттуу кесепеттери бар” экенин айтуу менен жарандык активисттер боюнча көптөн берки тынчсызданусун кайталады.

## “ЖАЛГАН (АНЫК ЭМЕС)” МААЛЫМАТ БОЮНЧА МЫЙЗАМДЫ ТУУРА ЭМЕС КОЛДОНУУ

2022-жылдын декабрында БУУнун Адам укуктары боюнча комитети бийликтегилерди 2021-жылы кабыл алынган “Анык эмес (жалган) маалыматтан коргоо жөнүндө” мыйзамды кайра карап чыгууга жана аны туура эмес колдонууга каршы натыйжалуу чараларды көрүнүү камсыздоого чакырган.[6] Бул мыйзам Маданият министрлигине, эгер алар жарыяланган материалдарда анык эмес жалган маалыматтар бар деп эсептесе, аны соттун чечимисиз эле сайттан алып салууга тапшырма берүүгө өтө субъективдүү ыйгарым укуктарды берет. Министрликтин талабы аткарылбаса, маалымат сайттары жабылып калышы мүмкүн. Бийликтегилер бул мыйзамды 2021-жылдан баштап бүгүнкү күнгө чейин ЖМКнын ишмердүүлүгүн ашыкча чектөө үчүн колдонуп келет.

### МЕДИА УЮМДАРЫ ЖАНА АЛАРДА ИШТЕГЕНДЕР БУТАГА АЛЫНДЫ

2023-жылдын апрель айында Бишкектин Ленин райондук соту Маданият министрлигинин “Азаттык” радиосунун социалдык тармактагы каналдарында радионун кошумча уюму “Current Time” телеканалы тарабынан даярдалган зордук - зомбулуктуу кагылышуулар тууралуу видеотасманын жарыяланышына байланыштуу анын ишин токтотуу тууралуу өтүнүчүн канааттандырган. Ага 2022-жылдын сентябрь айында Тажикстан менен чек аранын эки тарабындагы тургундар жана чек арачылардын ортосундагы кагылышуулар түшүрүлгөн. Кыргыз бийликтери тасманын “ЖМК жөнүндө” мыйзамды бузуп, “согушка үндөгөн, зордук-зомбулукка жана ырайымсыздыкка, улуттук жана диний өзгөчөлүккө, башка элдерге жана улуттарга карата сабырсыздыкка пропагандалаган” тыюу салынган материалдарды чагылдырган деп ырасташкан. Тасмадагы материалдар өкмөт тарабынан берилген маалыматтын негизинде жазылган, бирок ага карабастан аны өчүрүү талабы коюлган. “Азаттык” радиосу 2023-жылдын июль айында Маданият министрлиги менен макулдашууга барып, сайтындагы видеого кирүү мүмкүнчүлүгүн алып салуу менен ишин улантты.

2023-жылдын сентябрында Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитети оппозициялык саясатчынын профили тууралуу макалада УКМКнын абагындагы кыйноолор боюнча “анык эмес” маалыматтар камтылган деген арызынан кийин, Маданият министрлиги “Клооп Медиа” көз карандысыз коомдук фондунун сайтын жаап салган. Кошумчалай кетсек, Бишкек шаардык прокуратурасы Клооптун редакциясын жоюу боюнча доо арызы менен сотко кайрылгандан кийин, басылма соттук териштирүүлөргө да кабылган. Доо арызда Клооп медиа уюм катары каттоодон өтпөгөнү жана анын басылмалары өкмөттүн саясатын “катуу сынга алып”, калктын саламаттыгына жана жыргалчылыгына “зыян” келтирип жатканы негиз келтирилген.[7]

ЖМКнын эркиндигине кысымдын күчөгөнүнүн дагы бир тынчсыздандырган мисалы, 2022 – жылы Кыргызстандын жарандыгынан ажыратылып, Орусияга күч менен чыгарылган иликтөөчү журналист Болот Темиров менен мурда жана азыр байланышы бар деп белгиленген 11 журналисттин үйүнө 2024-жылдын 16-январында милиция тинтүү жүргүздү. Буга байланыштуу Болот Темировдун жубайы баш болгон 11 адам сурак берүү үчүн кармалып, ИИМге жеткирилди. ИИМдин тергөө абагында аларга адвокат менен жолугушууга мүмкүнчүлүк берилбей, 30-январда 11 адам тең Бишкек шаарындагы номер 1 -Убактылуу кармоочу жайына жөнөтүлдү.

Ички иштер министрлиги массалык тинтүү жана кармоолорду так айтылбаган “социалдык медиа контентине байланыштырып, “активдүү баш ийбөөчүлүк […] жана массалык көтөрүлүшкө үндөө, ошондой эле жарандарга зомбулук көрсөтүүгө чакыруу” (Кылмыш-жаза кодексинин 278-беренесинин 3-пункту) боюнча

[6] БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин Кыргызстан боюнча отчетунун корутундусу: CCPR/C/KGZ/CO/3, 9 December 2022, https://tbinternet.ohchr.org/_layouts/15/treatybodyexternal/Download.aspx

[7] https://kloop.kg/blog/2023/08/28/srochno-prokuratura-bishkeka-podala-isk-v-sud-o-likvidatsii-kloopa/

козголгон кылмыш ишинин бир бөлүгү экенин билдирди.[8] Президент Садыр Жапаров эл алдында сүйлөгөн сөзүндө кармалгандар кесипкөй журналисттер эмес, “социалдык тармактарды пайдаланып, жоопкерчиликсиздик менен өлкөнүн улуттук коопсуздугуна коркунуч келтирген маалыматтарды жарыялаган блогерлер” деп билдирди.[9]

2024-жылдын 15-январында УКМКнын кызматкерлери Бишкектеги “24.kg” маалымат агенттигине тинтүү жүргүзүп, “согушка үгүттөө” (Кылмыш-жаза кодексинин 497-беренеси) боюнча козголгон кылмыш ишинин алкагында жабдыктарды алып, кеңсеге мөөр басышкан. Агенттиктин жетекчилиги сурак берүү үчүн кармалып, бирок кийинчерээк бошотулган. 17-январда алар кайрадан УКМКга суракка чакырылган. 31-январга карата кеңсенин 24 кг мөөр басылган бойдон турган.

**Бийлик сөз эркиндиги укугунан пайдаланганы үчүн кармалган 11 журналистти жана башка адамдарды токтоосуз жана шартсыз бошотууга тийиш. Ошондой эле, Клооптун сайтына бөгөт коюу чечимин жокко чыгарып, уюмду биротоло жабуу жөнүндө петициядан баш тартышы керек; “Көз карандысыз маалымат каражаттарына каршы саясий жүйө менен куугунтуктоодон алыс болууга, журналисттерди жана бийликти сындагандарды куугунтуктоону жана коркутуп-үркүтүүнү токтотууга, адам укуктарынын эл аралык мыйзамдарына ылайык Кыргызстандагы бардык ЖМКлардын сөз эркиндигине болгон укугун толук урматтоого, коргооого жана аткарууга тийиш”.**

**Алар ошондой эле жалган жана адаштыруучу маалыматка каршы туруу жана коомчулукта журналисттик чөйрөнүн бүтүндүгүн жана ишенимдүүлүгүн бекемдөө үчүн өтө маанилүү болгон чынчыл, жеткиликтүү жана далилдүү  маалыматтарды жайылтуу боюнча аракеттерди күчөтүшү керек.**

## “БАЛДАРДЫ КОРГОО” БОЮНЧА МЫЙЗАМГА ПРОПОРЦИЯСЫЗ ЧЕКТӨӨЛӨР

2023-жылдын июнь айында Жогорку Кеңеш балдардын ден соолугуна зыян келтирген, жалпысынан “үй-бүлөлүк баалуулуктарды” жоготкон, “ата-энени сыйлабастыкка” жана “мыйзамсыз жүрүм-турумду актоого” үндөгөн маалыматтарды жайылтууга тыюу салган “ Балдарды алардын ден соолугуна же өнүгүүсүнө зыян келтирүүчү маалыматтан коргоо жөнүндө” мыйзам долбоорун кабыл алууну тездетти.[10] 2023-жылдын октябрында БУУнун Балдардын укуктары боюнча комитети “жалган же үй-бүлөлүк жана салттуу коомдук баалуулуктарга карама-каршы келген, же үй-бүлө мүчөлөрүн сыйлабастыкка өбөлгө түзөт деп эсептелген маалыматтарды  цензуралаган ар кандай мыйзамдык чараларга “ терең тынчсыздануусун билдирди. Комитет бийликти “балдардын маалыматка жетүү укугуна кепилдик берүүгө жана пропорционалдуу эмес чектөөлөргө жол бербөө аркылуу алардын сөз эркиндигине болгон укуктарын ишке ашырууга” чакырды.

**Адам укуктары боюнча эл аралык мыйзамдарга ылайык, ар бир адам эч кандай кийлигишүүсүз өз пикирин кармануууга укуктуу. Сөз эркиндигин чектөө мыйзам тарабынан каралууга тийиш. Ал зарыл жана жана мыйзамдуу максатка пропорционалдуу болушу кажет. Мамлекеттер улуттар аралык, расалык же диний жек көрүүчүлүктү, дискриминацияны, кастыкты же зордук-зомбулукту үгүттөгөн сөздөргө тыюу салууга милдеттүү, бирок мындай чектөөлөр адам укуктары боюнча эл аралык мыйзамдарга ылайык келүүсүн жана кыянаттык менен таңуулоого каршы,  процессуалдык кепилдиктерге жооп берген шарттарда каралат.**

**Балдарды зыяндуу мазмундун жана тыюу салынган сөздөрдүн таасиринен коргоо маанилүү болгону менен, мыйзамдар коомдук ден соолукту же адеп-ахлакты, же бул учурда балдардын ден соолугун жана үй-бүлөлүк баалуулуктарды коргоо шылтоосу менен маалыматты таратууну жана жеткиликтүүлүгүн ашыкча чектебеши керек. Бул балдардын сексуалдык жана репродуктивдүү ден соолук, гендердик зомбулук жана дискриминация, же азчылыкка же четтетилген топторго карата басмырлоо сыяктуу маселелер боюнча маалыматка жана кызматтарга жетүүсүнө тоскоолдук жаратышы мүмкүн, бул өз кезегинде  балдардын бир катар башка адам укуктарынан пайдаланышына  да терс таасирин тийгизет.**

---

[8] https://www.amnesty.org/en/latest/news/2024/01/kyrgyzstan-authorities-escalate-crackdown-on-freedom-of-expression-with-raids-on-journalists-offices-and-homes/

[9] https://kloop.kg/blog/2024/01/29/sledovateli-otobrali-svidetelstvo-o-rozhdenii-syna-glavy-temirov-live-mahabat-tazhibek-kyzy/

[10] http://www.kenesh.kg/ru/draftlaw/634430/show

**Бийликтер мыйзамдарды Кыргызстандын адам укуктары боюнча эл аралык милдеттенмелерине, анын ичинде балдардын укуктарына жана басмырлоого жол бербөө принцибине шайкеш келишин камсыз кылуу үчүн кайра карап чыгышы керек.**

## СОТ ОРГАНДАРЫНЫН КӨЗ КАРАНДЫСЫЗДЫГЫН АЛСЫРАТУУ

2023-жылдын сентябрь айында Жогорку Кеңеш президенттик администрация тарабынан сунушталган талаштуу мыйзам долбоорун шашылыш түрдө жактырып, анын негизинде президентке Конституциялык соттун чечимдери "элдин моралдык, адеп-ахлактык баалуулуктарына жана коомдук аң сезимге карама - каршы келсе", аларды жокко чыгаруу укугун берди. Президент бул мыйзам долбооруна 2023-жылдын 3-октябрында кол койду. Укук коргоочу уюмдар мыйзамга киргизилген өзгөртүүлөр Конституциялык Сотко ашыкча саясий кысым көрсөтүүгө алып келет деген кооптонуусун билдиришти. Мыйзамга өзгөртүү киргизүүгө, Конституциялык соттун 2023-жылдын июль айындагы чечими себеп болгону айтылат. Анда, бала 18 жашка чыкканда өз каалоосу менен расмий документтерде "атасынын аты" деген графага апасынын атын жаздырууга уруксат берилген.

Буга тиешелүү маселени феминист - активист жана сүрөтчү Алтын Капалова дискриминациялык негизде көтөрүп чыккан, бирок анын аракетин президент баш болгон жогорку бийлик өкүлдөрү жана Улуттук коопсуздук комитетинин (УКМК) төрагасы ачык айыптап чыккан. Алтын Капалова сөз эркиндигине болгон укугунан пайдаланып, дискриминациялык саясат менен практикага каршы чыкканы үчүн социалдык тармактарга чабуулдарга кабылып, "өлүм" менен коркутууларга дуушар болгон.

**Бийлик соттордун көз карандысыздыгын кепилдеп, алардын карамагындагы маселелер калыс, фактылардын негизинде жана мыйзамга ылайык чечилишине шарт түзүү менен чектөөсүз, айлана-чөйрөдөгүлөрдүн таасирисиз, азгырыксыз, кысымга кабылбастан, коркутуусуз, бирөөлөрдүн тикелей же кыйыр түрдө кийлигишпөөсүн камсыздоого тийиш.**

**Бийлик соттордун көз карандысыздыгына шек келтирген бардык мыйзамдарды жокко чыгарып, эл аралык мыйзамдардын сакталышын камсыздоого жана жарандык коомду чыңдоого көмөктөшө турган шартта гана жаңы мыйзамдарды кабыл алышы керек.**